**Токмок шаарынын ИИБнүн 2021-жылдын 04-июль күнү**
**КЖБРне №03-011-2021-001361**
**саны менен катталган сотко чейинки өндүрүш иши боюнча**
**МААЛЫМАТ**

03.07.2021-жылы "Фэйсбук" социалдык баракчасына [redacted] аты менен Токмок шаарынын "Интер Гласс" айнек чыгаруучу зоводунун жумушчуларынан Токмок шаарынын мэриясынын буйрутмасы менен паспорттору чогултулуп жаткандыгы тууралуу статьясы жарыяланган. Бирок жарандардын паспорттору эмне максатта чогултулуп жаткандыгы көрсөтүгөн эмес.

Аталган маалымат 2021-жылдын 03-июлунда саат 17:03да Токмок ШИИБнүн МККна № 02-011-2021-002134 саны менен каталган.

04.07.2021-жылы КЖБРне №03-011-2021-001361 Кыргыз Республикасынын ЖжКнин 87-1-беренесинин, 2-бөлүмчөсү менен катталып текшерүү иштери башталган.

Ошол эле күнү жогоруда көрсөтүлгөн факты боюнча тапшырмалар берилген.

Жогоруда көрсөтүлгөн факты боюнча суралган [redacted] төмөндөгүлөрдү айтып берген: Ал "ИнтерГласс" айнек чыгаруучу заводунда суткалык кароолдун начальниги болуп иштээрин тастыктаган жана заводдо 11.07.2021 жылы боло турган Токмок шарынын жергиликүү кеңшин депутаттарын шайлоосуна байланыштуу эч кандай үгүтөө иштери болбогондугун жана жумушчуларыдын жарандык паспорттору же болсо башка өздүгүн аныктоочу документтер чогултулбаганын көрсөткөн.

Мындан тышкары суралган "ИнтерГласс" айнек заводунун күзөтүнүн начальниги [redacted] ттөмөндөгүлөрдү айтып берген: "ИнтерГласс" заводунун аймагында эч кандай Токмок шаарынын жергиликтүү кеңешинин депуттатарын шайлоосуна байланыштуу эч кандай үгүттөө иш чаралары болбогондугун тастыктаган жана "Фейсбук" социалдык интернет баракчасында көрсөтүлгөндөй заводдун жумушчуларынан эч кандай жарандык паспорттор чогултурган эместигин көрсөткөн.

Азыркы учурда Токмок шаарынын ИИБү тарабынан текшерүү иштери улантылууда, текшерүүнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат жиберилет.

**КР ИИМнин Тергөө кызматы**